Жыйынтыктап айтканда, окуучуларга көбөйтүүнүн ар кандай ыкмаларын көрсөтүүдө окуучулардын:

- убакыттары үнөмдөлөт, алардын логикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт;
- ар кандай тапшырмаларды аткаруусу жеңилдейт, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жогорулайт.

Көбөйтүүнүн кызыктуу ыкмаларын үйрөтүү жана аларды ар бир сабакта колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жана билим деңгээлин жогорулатууга болот.

**Адабияттар:**

1. Перельман, Я. И. Быстрый счет. Тридцать простых приемов устного счета [Текст] / Я. И. Перельман. - Л., 1941. - 12 с.
2. Садыркул кызы, А. Приемы активизации учащихся при усвоении темы: “Умножение двузначных чисел” [Текст] / Садыркул кызы А. // Проблемы и перспективы. Материалы XXIV Международной научно-практической конференции молодых ученых и студентов. - Бийск: АГГПУ им. В. М. Шукшина, 2022. - 336 с.
3. Кордемский, Б. А. Удивительный мир чисел: Книга учащихся [Текст] / Б. А. Кордемский, А. А. Ахадов. - М.: Просвещение, 1986.
4. Арутюнян, Е. Занимательная математика [Текст] / Е. Арутюнян, Г. Левитас. - М.: АСТ - ПРЕСС, 1999. - 368 с.
5. http://matsievsky. newmail. ru/sys-schi/file15.htm
6. http://sch69.narod. ru/mod/1/6506/hystory. html

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-58-112-120
УДК: 82(07)

***Ураимов К. М.,*** *пед. илимд. канд., доцент*
*uraimov72@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-4832-0407*
***Борошов С. Ж.,*** *улук окутуучу*
*sboroshov58@mail.ru*
*Б. Осмонов ат. ЖАМУ, Жалал-Абад ш. Кыргызстан*

# РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН БАЛДАР ҮЧҮН ЖАЗЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада элибиздин залкары, улуу композитор Рыспай Абдыкадыровдун чыгармачылыгы жана башка музыканттарга салыштырмалуу чыгармачылык стилинин өзгөчөлүгү маселеси талдоого алынды. Айрыкча, автордун музыкалык шыгындагы өзгөчө чеберчилик баса көрсөтүлгөн.*

*Эмгекте композитордун балдарга арналган чыгармаларын башталгыч мектепте окутуунун ыкмалары, музыкалык стили каралды. Музыкага болгон коомчулуктун мамилеси, метептерде өтүлүп жаткан музыка сабагы жана анын абалы жөнүндө сөз козголду. Автордун музыкага, анын ичинде балдарга арналган чыгармаларына карата мамилеси ачык талданды. Мында автордун баланын аруу дүйнөсүндөй таза аалам жок экендиги тууралуу пикирине токтолдук. Композитордун көөнөрбөс чыгармаларын кийинки жаш жеткинчектерге үйрөтүүдө өз алдынчалуулук, чыгармачылык эргүү жетишпей жаткандай туюлат. Улам кийинки жаштардын ыкшоолукка азгырылып, чыныгы муза дүйнөсүнө сүңгүп кире албай жатышканын байкоого болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Рыспай Абдыкадыров, композитор, музыкалык түшүнүктөр, балдарга арналган чыгармалар, балдарга арналган чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, окутуу.*

**Ураимов К. М.,** *канд. пед. наук, доцент*
*uraimov72@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-4832-0407*
**Борошов. С. Ж.,** *ст. преподаватель*
*sboroshov58@mail.ru*
*ЖАГУ им. Б. Осмонова*
*г. Жалал-Абад, Кыргызстан*

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРОИЗВЕДЕНИЙ РЫСПАЯ АБДЫКАДЫРОВА, ПРЕДНАЗНАЧЕННЫХ ДЛЯ ДЕТЕЙ

*В данной статье анализируется творчество великого композитора Рыспая Абдыкадырова и особенности стиля его творчества в сравнении с другими музыкантами. Особенно подчеркивается исключительное мастерство в музыкальном чутье автора.*

*В нем были рассмотрены методы обучения композитора в начальной школе, музыкальный стиль произведений, предназначенных для детей. Мы остановились на подходе общественности к музыке, на уроках музыки, которые проходят в школе, на ее состоянии. Открыто анализировалось отношение автора к музыке, в том числе к его произведениям для детей. Автор говорит, что нет более чистой Вселенной, чем мир ребенка. Кажется, что не хватает самостоятельности, творческого вдохновения в обучении своих бессмертных произведений следующим молодым людям. Из-за этого можно заметить, что более молодые люди соблазняются ловкостью и не могут погрузиться в настоящий музыкальный мир.*

***Ключевые слова:*** *Рыспай Абдыкадыров, композитор, музыкальные понятия, произведения для детей, особенности произведений для детей, обучение.*

**Uraimov K. M.,** *cand. ped. of science, associate professor*
*uraimov72@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-4832-0407*
**Boroshov S. J.** *senior lecturer*
*sboroshov58@mail.ru*
*JASU named after B.Osmonov*
*Jalal-Abad, Kyrgyzstan*

## THE PECULIARITIES OF TEACHING THE WORKS OF RYSPAI ABDIKADYROV TO CHILDREN

*This article analyzes the work of the great composer Ryspai Abdikadyrov and the peculiarities of his creative style in comparison with other musicians. It examined the methods of teaching the composer in elementary school, the musical style of works intended for children. We focused on the public's approach to music, the music lessons that take place at school, and its condition. The author's attitude to music, including his works for children, was openly analyzed. The author says that there is no purer universe than the world of a child. It seems that the composer lacks independence, creative inspiration in teaching his immortal works to the next young people. Because of this, it can be noticed that later young people are tempted by dexterity and cannot immerse themselves in the real museum world. The exceptional mastery of the author's musical flair is especially emphasized.*

***Keywords*** *Ryspai Abdikadyrov, musical concepts, works for children.*

Акыркы мезгилдерде башталгыч класстарда музыка сабагына көңүл бурула баштады. Башка сабактардан өзүнүн өзгөчө формасы жана табияты менен өзгөчөлөнгөн бул сабак балдарга эстетикалык табит татуулайт.

Залкар обончу-композитор Р. Абдыкадыровдун балдар үчүн жазган чыгармалары өзүнүн терең мазмуну, кайталангыс кайрыктары менен жаш жеткинчектердин руханий дүйнөсүн толтуруп, музыка айдыңына жетелеп, атуулдук азык берип келет.

Р. Абдыкадыров балдар үчүн жазган чыгармалары жөнүндө сөз кылып жатып: «Чоңдор үчүн обон жаратууга караганда, балдар үчүн обон жазуу татаал жана көп эмгекти талап кылат. Анткени алардын ааламы, ой жүгүртүүсү, жан дүйнөсү периште сыңары таптаза, кыял-жоруктары адамды элжиретип өмүрдүн кайталангыс мезгили – бала дүйнөсүнө жетелейт", - деп белгилейт. Залкардын "...Мен балдар үчүн музыка жазганымда, алар менен бирге ойногум келет, алардын дүйнөсүн, сүйлөгөн сөздөрүн кадыресе сагынам. Өзүм да сүттөй аппак балалыктын дүйнөсүнө кетким келет», - деп айтканы бар [2, 316-б.]

Наристенин алгачкы өсүп-өнүгүүсүндөгү бурулушта айлана-чөйрөнүн таасири менен бирге, үй-бүлө тарбиясынын баалуулуктары өтө чоң мааниге ээ экенин билебиз. Ошондуктан баланын адептик жактан тарбиялануусуна, анын эстетикалык кабылдоосунун өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүдө ата-эненин балага бере билген рухий күлазыгынын бири – өнөрдүн негизги түрү болгон музыка эсептелет. Бул өңүттөн алганда, Р. Абдыкадыров балдарга арнаган чыгармаларын ар түрдүү боёктор менен шөкөттөп тартылган сүрөттөрдөй кооздоп, добуш өзгөчөлүктөрүн гармоника-полифониялык ыргактар менен жаратып, бала тилдүү жөнөкөй кайрыктар аркылуу бергени менен айырмаланат.

Р. Абдыкадыров балдар ырларына өтө аяр мамиле жасап, аларды өз балдарындай сүйгөн. Ал сүйүү чоң кишилерге арналган ырларындай татаал эмес, балдардын обонду кабылдоо курагына жана жөндөмүнө жараша жөнөкөй жана элпек, жагымдуу жана жугумдуу болгону менен түшүндүрүлөт. Ошол обондорду жаратууда эч кандай жасалмалуулукка жол бербей, субъективдүү жана объективдүү жагдайлардын жемиштүү ыкмаларын, балдардын жаш курагына ылайык физиологиялык жана психологиялык туюмун тең салмактуулук, токтоолук жана сабырдуулук менен бергени үчүн түшүнүүгө, аткара билүүгө эптүү болгон. "Эгер обон жаратуунун оңой ыкмасын таптым деп обон жарата берсем, ал эч кимдин жүрөгүнөн түнөк тапмак эле", - деп айтканы эсибизде [4, 324-б.]

Р. Абдыкадыровду жакындан билген шакирттери, достору, тууган-уруктары аны бала кыял болчу дешет. Арийне, андай мүнөз көпчүлүк чыгармачыл адамдарга таандык десек да болот. Ошентсе да анын айтылып жана жазылып келаткан жоруктарынан улам, анын өзгөчө бала кыял экендигине ынанасың. Р. Абдыкадыровдун чыгармачылыгына үңүлгөн адам обончунун балдардын жан дүйнөсүнө кирип, мыкты обондорду жараткандыгына күбө болот. Эгер мектеп окуучуларына арналган атуулдук ырларын кошуп айтсак, маселен, "Өскөн жер", "Койчунун ыры", "Сагындым, тууган жер, сени", "Сары-Челек көлгө бир арзуу", "Алтын пахта, ак пахта" "Суусамыр", "Жайлоодо" сыяктуу патриоттук сезимди козгой турган ырлары жогорку деңгээлде жазылган [7, 24-б.]

Р. Абдыкадыровдун жалпы чыгармачылыгын, анын ичинде балдар чыгармаларын изилдеп жүргөн изилдөөчү Б. Иметов өзүнүн "Рыспай ырлары – атуулдук азыгы " аттуу макаласында залкар обончунун балдар ырлары жөнүндө маалымат берүү менен төмөндөгүлөргө токтолот: "Акыркы мезгилдерде музыка жаатындагы чыгармачыл адамдар, айрым бир изилдөөчүлөр Р. Абдыкадыровдун чыгармачылыгындагы балдар ырларына көңүл бурушуп, жыйнактарын, топтомдорун түзүшүп, басмадан чыгара башташты". Маселен, музыка изилдөөчү Султан Борошев менен Канымгүл Акрамовалар Р. Абдыкадыровдун балдар үчүн жазылган 15 ырын жыйнакка [3, 24-б.] киргизишкен. Обончу Маматибраим Бостонкулов өз жыйнагына [1, 224-б.] Р. Абдыкадыровдун 10 ырын киргизген. Ал эми Эхтибар Молдокеримова менен Аскаралы

Касымовдор атайын жыйнак [6, 67-б.] түзүшүп, Р. Абдыкадыровдун 29 балдар ырын нотасы менен киргизишкен. Бүгүн обончунун балдар ырларына көңүл буруп жаткан бирин-серин чыгармачыл адамдар болгону менен, ушул мезгилге чейин залкардын балдар ырларын эл арасынан топтогон, аларды илимий-музыкалык багытта маани-мазмунун талдаган изилдөөлөр азырынча жокко эсе. Бизди бушайман кылган дагы бир жагдай – Р. Абдыкадыровдун балдар ырлары жалпы билим берүүгө, орто мектептердин музыка сабагы боюнча түзүлгөн (2004-ж.) программага кирбей калгандыгы. Карап көргөнүбүздө, болгону 1-7-класстар үчүн түзүлгөн программага (6-класстын 3-чейрегинде) Абакир Дуйшеналиевдин сөзүнө жазылган «Өскөн жер» аттуу жалгыз чыгармасы гана кирген.

Албетте, XX кылымдын 60-70-жылдарындагы кыргыз элдик музыкасынын өнүгүү жолундагы Р. Абдыкадыровдун новатордук табылгаларында, киргизген жаңылыктарында кайталангыс музыкалык ойдун, ага чейин элдик музыкада кездешпеген кайрыктардын таасын белгилери бар экендигин эч ким таналбайт. Так ошондой эле белгилер менен айырмачылыктар анын балдар музыкасынын мазмуну менен өзөгүндө да даана көрүнүп турат. Демек, балдардын руханий дүйнөсүн калыптандырууда мына ушундай жаңы, балдар сүйүп ырдаган, сыйкырдуу көркөм кайрыктарга ширелген чыгармалары мектеп программасынан орун алышы керек деп айтмакчыбыз.

Жогоруда белгиленген жыйнактардагы Р. Абдыкадыровго тиешелүү балдар ырларын талдап көргөнүбүздө, мурдагы обончулардын балдар ырларынан айырмаланып, обондорунун диапозонунун кеңири экендиги байкалат. Буга мисал катары Кудайберген Жуманазаровдун сөзүнө жазылган «Ала-Тоо» аттуу балдар ырынын диапазону терцдецима, Исабек Исаковдун сөзүнө жазылган «Бөбөгүмдү ойнотсом» деген ырынын диапозону ундецима интервалынан, Мариям Буларкиеванын сөзүнө жазылган «Жайлоодо» аттуу ырынын диапазону дуодецима интервалынан турат. Мындай кеңири диапозондо обон жазуунун себеби эмнеде? Анткени улуу талант дээрлик бардык чыгармаларын аккордеон үчүн жазып, ал аспапта мыкты ойногонунда. Карап көргөнүбүздө, аккордеондун клавиштери үч октавага чейинки аралыкта жайгашкандыктан, комуз, кыяк ж. б. элдик аспаптарга караганда обондун мазмунун тереңдетип байытуу үчүн обончу каалагандай диапазонду (кеңдикти) колдонууга мүмкүнчүлүк алат. Бул жерде Р. Абдыкадыровдун кыргыздын музыкалык маданиятына кошкон чоң салымы катары аккордеонду элдик аспаптарынын катарына киргизгендигин айта кетишибиз адилеттүүлүк болот.

Чыгаан обончунун балдарга арнап жазган чыгармаларынын дагы бир өзгөчөлүгү – обондорунун кайрыктары балдардын ырдоосуна, аткаруусуна ылайыктуу, шаңдуу, жан дүйнөсүнө жугумдуу, жеткиликтүү жана түшүнүктүү. Обондорунда балдарга кыйынчылык келтирген татаал ыргактар, чукул интервалдар, добуштардын аралыгындагы ыңгайсыз секириктер дээрлик жокко эсе. Обон менен ырдын мазмуну бири-бири менен жуурулушуп, балдардын табиятына, табитине ылайык келип, алар обончу-композиторго гана таандык болгон музыканын кереметтүү кайрыктары менен шөкөттөлгөн.

Экинчиден, Р. Абдыкадыров балдар үчүн чыгарма жазууда ырдын мазмунуна өтө аяр мамиле кылып, балдардын психологиясына, мүнөзүнө шайкеш келген текстти тандайт. Маселен, Абзий Кыдыровдун сөзүнө жазылган «Мектебим» аттуу ырынын текстине назар салганыбызда, мектептин улуулугу, бийиктиги, касиети, ал жерден бала таалим-тарбия алып, эрезеге жетип, келечек максаттарынын чыйыры ошол жерден

башталары жөнүндө айтылган терең ойду камтыганы байкалат. Же болбосо, Абакир Дуйшөналиевдин сөзүнө жазылган «Өскөн жер» аттуу ырды карап көрсөк, анда туулган жердин кымбаттыгы, асылдыгы, эч нерсеге алмаштыргыс баркы жөнүндө элестөө айтылып, балдардын Ата журтка, туулган жерине болгон сүйүүсүн чагылдырып, жан дүйнөсүн козгойт. Анан ошол ыр саптарына обону жуурулушуп, балдардын руханий дүйнөсүн тазартып, музыканын сөз менен айта алгыс керемет дүйнөсүнө жетелейт.

Рыспай Абдыкадыровдун чоңдор, улуулар үчүн жазган чыгармаларындай эле, балдар ырларынын айрымдары музыкалык киришүү менен башталат. Маселен, Кудайберген Жуманазаровдун сөзүнө жазылган «Суусамыр» аттуу чыгармада 20 такт киришүү ойнолот да, андан кийин гана чыгарманын обон менен сөз айкалышкан негизги бөлүгүнө өтөт. Ошондой эле Биримкул Алыбаевдин сөзүнө жазылган «Сагындым, тууган жер, сени», Сүйүнтбек Дүйшөналиевдин сөзүнө жазылган «Сары-Челек көлгө бир арзуу» аттуу ж. б. ырлары дагы музыкалык киришүү менен башталат. Албетте, обондордогу киришүү бөлүгү чыгарманын мазмунун ачып, берейин деген музыкалык оюн толуктап турган негизги каражат болуп эсептелет. Киришүүсү ошол чыгармадагы айтылуучу ойду алдын ала чагылдырып, уккан адамды аргасыздан ойлонтууга аргасыз кылат. Маселен, «Суусамыр» аттуу чыгарманын киришүү бөлүгүн укканыбызда, кең Суусамыр жайлоосунун элеси көз алдыбызга тартылып, башын ак кар баскан тоолор, көк кашка суулар, жайнаган сан түркүн гүлдөр менен көк шибер, асманда каалгыган ак булуттар көз алдыга тартылат.

Р. Абдыкадыровдун чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүктү – обондорун угумдуу, жугумдуу кылып, угармандарга жеткирүүдө түрдүү ладдарды орду менен, ыгы менен пайдалануу чеберчилигин айтып өтүү абзел. Мындай чеберчиликти балдар ырларынан да арбын учуратабыз. Маселен, Аман Көчөрбаевдин сөзүнө чыгарылган «Өзүбүз» аттуу ырдын обону мелодикалык соль минор ладында жазылган. Мында натуралдык соль минор ладынын добуштарынын алтынчы, жетинчи баскычтары жарым тонго төмөндөө менен, гармоникалык соль минор ладын (тональностту) пайда кылат. Натыйжада, бул лад обонго мээлүүн, жумшак, мүнөз берип, мектептин айланасына балдар өздөрү бак тигип, кооздоп алышкандыктары жөнүндө баян этилет.

Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун доценти, белгилүү музыка таануучу Ч. Турумбаева «Рыспайдын чыгармаларындагы балдар темасы» аттуу макаласында XX кылымдын экинчи жарымы кыргыз музыкалык маданиятында чоң бурулуштарды алып келгенин белгилеп, ал бурулуш аспаптык аткаруучулук менен катар, элдик ырчылык аткаруучулуктун өсүп-өнүгүүсүнүн жаңы этабын баштаганын айткан [5]. Алардын ичинде элибиздин залкар ырчы-обончусу Р. Абдыкадыровдун чыгармачылыгында да балдар темасы көмүскөдө калган жок. Ал жаш муундарга арналган ар түрдүү мүнөздөгү ондогон ырларды жараткан. Ал ырлардын көпчүлүгү комузда аткарууга ылайыкташтырылган.

Комуздун коштоосундагы ырларды өздөштүрүү да ошол системада жүргүзүлүп келүүдө. Бул жагдайда комуздун толгоосу окуучунун ырдоо үн бийиктик ченемине (тональностуна) толгонот. Бул ноталык системада өздөштүрүү балдарга жеңил-жеткиликтүү болору окуу-тажрыйбалык иштерде тастыкталды. Тагыраак болуш үчүн мисал келтирели. Мектепке барар кези келип, аны күндөп, айлап самаган, мектептен тарбия-таалим, билим алууну эңсеген жаш жеткинчектин ой толгоолору чагылдырылган залкар ырчы акын Абзий Кыдыровдун сөзүнө обону төп келтире жазылган «Мектебим» аттуу ыры окуучулардын репертуарында орчундуу орунду ээлейт. Бул ыр окуучулар үчүн *ре – минор* тональностунда берилген, анткени бул тональность ырчы-окуучунун ырдоо үнүнүн бийиктик ченемине туура келет:


Жеңил, жайдары




Ал эми комуздун коштоосундагы ноталык жазылманы өздөштүрүүнү, биз жогоруда айтылган системага ылайык, *си-минор* тональностунда жүргүзөбүз. Ыр комуздун чың толгоосундагы (кварта – кварта) IV тоомунда ойнолот. Ноталык мисалда комуздун толгоосу: 1-жана 3-кылдары *ми* нотасына, ал эми 2-кылы кичи октаванын *ля* нотасына буралганын көрүп турасыңар. Бул учурда жогоруда эскертип кеткендей, окуучунун тональностуна ылайык комуздун толгоосун бир тонго төмөн күүлөп алабыз: 1-жана 3-кылдары кичи октаванын *фа - диез* нотасына, ал эми 2-кылы кичи октаванын *си* нотасына күүлөнөт. Ошентип, тоникадан башталган төрт тактылуу киришүүдөн кийин, обондун биринчи, экинчи кайрыктарын комуздун коштоосунда терип чертүү менен уланат:




Ырдын үчүнчү, төртүнчү кайрыктарында комуздун коштоосу аккорддуу добуштарга өтүү менен, ырчынын үнүнөн басыраак кубаттуулукта ойнолуп, аягында бир тактылуу фортеде бүтөт:



Залкар обончу балдарга арнап ар түркүн темада чыгармаларды жараткан. Балдардын мектепте жашоо темасынан сырткары, насааттык нуктагы «Эжекемдей боломун» ырында эжесиндей эмгекчил болуп, өрнөгүн улантууну самаган жаш жеткинчек кыздын тилеги мүнөздөлөт. Ыр *до-мажордо* берилген. Доминантада башталган бул ыр обондуу келип, жандуу, кубаттуу мүнөздө ырдалат:

Жандуу, жайдары




Ал эми комуздун коштоосундагы ноталык жазылманы өздөштүрүү чың толгоонун (кварта-кварта) IV тоомунда, *ля-мажордо* жүргүзүлөт. Бул учурда окуучунун тональностуна ылайык комуздун толгоосу: 1-жана 3-кылдары кичи октаванын *соль* нотасына, ал эми 2-кылы биринчи октаванын *до* нотасына күүлөнөт. Төрт тактыдан турган, фортеде жандуу, кубаттуу комуздун коштоосундагы киришүүдөн соң, ырчынын кезеги башталып, меццо фортеде добуштарды терип чертүү ыкмасында комуздун коштоосу уланат:




Ырдын үчүнчү, төртүнчү кайрыктарын кайталоодо, комуздун коштоосу меццо форте абалында аккордуу шилтемдер менен коштолуп аяктайт:






Р. Абдыкадыровдун балдар үчүн жараткан ырларынын мүнөздөрүнөн биз элдиктүүлүктү, идеалдуулукту, улуттук мүнөз менен шайкеш келүүнү байкайбыз. Мында эң маанилүүсү бүгүнкү мезгилдеги балдардын ой толгоолорун, сезим-туюмдарын чыгармаларында терең ачып бере алгандыгы менен байланыштуу. Мындай сапаттарды ырларынын обондуу жана интонациялык түзүлүштөрүнөн даана көрө алабыз. Демек, чыгаан обончунун чыгармачылыгы элдик ырчылык өнөрүнүн булактары менен сугарылгандыгында шек жок. Анын аткаруучулук көркөм табити, элдик ырчы-обончулук өнөрдүн, төкмөлүктүн түздөн-түз таасирин алуу аркылуу калыптангандыгы даана көрүнүп турат [5, 320-б.]

Белгилүү окмуштуу, психолог Л. С. Выготский: “Искусство жана анын баалуулуктары, асыресе, музыканын гармониялык үндөшүүсү – жашообуздагы кооптуу кыйын учурларда да акыл-эсибизге, психологиялык чыңалуудагы нерв түйүндөрүбүзгө эң керектүү азык”, - деп белгилеген. Азыркы заманбап электрондук техниканын өсүп-өнүгүүсү менен, батыш музыкасынын же жакынкы кошуна өлкөлөрдүн музыкалык кайрыктарын, ыргактык ыкмаларын, ладдык өзгөчөлүктөрүн кыргыз музыкасынын колоритине түп тамырынан окшошпосо да, уурдап көчүрүү адатка айланып баратат.

Учурда музыкалык мектептерди, балдардын чыгармачылык борборлорун эсепке албаганда, мектеп программасында музыка сабагы дээрлик жокко эсе болуп кеткен.

Элибиздин баа жеткис музыкалык искусствонун классиктери кыргыз элинин улуулугун, жаратылышыбыздын кооздугун, элибиздин баатырлыгын, салттуулугун жана меймандостугун ж. б. нарк-насилдүү турмушун музыканын түрдүү жанрларында чебер чагылдырып келгени белгилүү. Алардын ичинде Р. Абдыкадыровдун музыкалык маданиятка кошкон салымы кайталангыс болуп, ал жараткан балдар ырлары обондуулугу, оригиналдуулугу, диапозондорунун көлөмдүүлүгү, вариациялуулугу, уккулуктуулугу, хроматикалык мүнөздүү кайрыктары менен өзгөчөлөнөт.

Негизги маселе башка жакта, композитордун өтө жогорку музыкалык чеберчиликте жазылган чыгармаларын мектеп окуучуларына жеткиликтүү деңгээлде окутулуп үйрөтүлбөгөндүгүндө болуп жатат. Коомдук түзүлүштүн өзгөрүүсүндөгү экономикалык тартыштык, мугалимдердин айлык акысынын аздыгы, профессионал адистердин, жогорку маалыматтуу музыка мугалимдеринин жетишсиздиги жана башка себептерден улам, кыргыздын салттуу музыкасын, элибиздин белгилүү классиктеринин

музыкасын, анын ичинде Рыспай Абдыкадыровдун көөнөрбөс чыгармаларын жаш муундарга жеткирүүдө, аларга окутууда жеке демилгелер, жигердүү аракеттер жетишпей келет.

**Адабияттар:**

1**.** Балдарга ырдесте : Хрестоматия жана усулдук кодонмо [Текст]. - Бишкек: Бийиктик, 2008. - 224 б.

2. Иметов, Б. Рыспай ырлары – атуулдук азыгы. Китепте: Рыспай. 5-том [Текст] / Б. Иметов. - Бишкек: Бийиктик, 2013. - 316-б.

3. Мектебим : ырлар жыйнагы [Текст]. - Бишкек: Турар, 2011. - 24 б.

4. Орунбаев, К. К. Рыспай Абдыкадыровдун балдар ырларынын психологиялык-эстетикалык мааниси. Китепте: Рыспай. 5-том [Текст] / К. К. Орунбаев. - Бишкек: Бийиктик, 2013. - 324-б.

5. Турумбаева, Ч. Рыспайдын чыгармачылыгындагы балдар темасы. Китепте: Рыспай. 5-том [Текст] / Ч. Турумбаева. - Бишкек: Бийиктик, 2013. - 320-б.

6. Туулган жер. Эскерүүлөр, ырлар [Текст]. - Бишкек: Бийиктик, 2012. - 67-б.

7. Чокиев, Т. Багы ачылбай калган бала кыял ыргактар. Китепте: Рыспай. 5-том [Текст] Т. Чокиев. - Бишкек: Бийиктик, 2013.